**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**
**ТОРУ-АЙГЫР -ТАМЧЫ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Бириккен Тору-Айгыр-Тамчы айылдык кенешинин уюштуруу сессиясынын**

# ТОКТОМ № 5

**2024-жылдын 20- февралы** **Тамчы айылы**

**“ Тору-Айгыр - Тамчы ” айыл аймагынын айыл Өкмөтү » мекемесин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ №370 Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу” жөнүндө токтомунун,Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», жана Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө Жобону ж.б. тиешелүү мыйзам актыларын жетекчиликке алып, Тору-Айгыр- Тамчы айыл аймагынын айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Тамчы жана Тору-Айгыр айыл аймактарынын айыл өкмөттөрүн бириктирүү жолу менен “Тору-Айгыр- Тамчы” айыл аймагынын айыл өкмөтү болуп кайра түзүлсүн.
   **Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**
   - Мамлекеттик тилде: « Тору-Айгыр- Тамчы айыл аймагынын айыл Өкмөтү» мекемеси
   - Расмий тилде: Учреждение «Айыл Окмоту Тору-Айгыр - Тамчынского айылного аймака»

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**

-Мамлекеттик тилде: « Тору-Айгыр -Тамчы айыл аймагынын айыл Өкмөтү » м-и.

- Расмий тилде: У-е «Айыл Окмоту Тору-Айгыр- Тамчынского айылного аймака»

2. Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айыл Өкмөтүнүн Уставы бекитилсин.
3. Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айыл Өкмөтүнүн юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Ысык-Көл району, Тамчы айылы, Манас көчөсү № 36 болуп аныкталсын.
4. Юридикалык жактын уюштуруучусу- айыл өкмөтүнүн башчысы жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлери.
5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
6. Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **Э.А.Мамбетов**